Педагогикалык кеңеш

тарабынан кабыл алынган

Протокол № 1 «1» 09 2018-ж.

«Бекитемин»

Мектеп жетекчиси ______ Боркеев .Э.Т

«1» 09 2018-ж.

# Тарбиялык иштер

## Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин тарбия иштери боюнча 2018-2019-окуу жылы үчүн түзүлгөн жылдык иш планы

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Өткөн окуу жылына анализ. Жаңы окуу жылына план түзүү | Сентябрь | Тарбия завучу | Педсоветте | План |
| 2 | Мектепте “Билим күнүн” өткөрүү | 1-сентябрь | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Салтанатуу линейка |
| 3 | Парламент мүчөлөрү менен иш жүргүзүү<br>План түзүү | Сентябрь | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Парламенттин чогулушу |
| 4 | “РИСК”группасындагы окуучуларды,томолой, соцжетимдердин тизмесин тактоо | Сентябрь | Тарбия завучу<br>Соц педагог | Директор алдындагы кеңешмеде | Окуучулардын тизмеси |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | “Келечек”командасын түзүү | Сентябрь | Тарбия завучу | Парламент чогулушунда | “Келечек” командасынын планы |
| 6 | “Карылар күнү” акциясын өткөрүү. Карыларга гүлдесте,концерттик майрам | Октябрь | Тарбия завучу, Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Концерттик программа |
| 7 | “Кыз адеби кымбат” кыздар кеңеши | Ноябрь | Кыздар кеңешинин төрайымы | Кыздар кеңешинде | Доклад,токтом |

2. **Жарандык тарбия**

| **№** | **Аткарылуучу иштер** | **Мөөнөтү** | **Ким жооптуу** | **Кайда каралат** | **Ресурстар** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кылмыштуулукту алдын алуу кеңешин жандандыруу | Сентябрь | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Кеңештин планы |
| 2 | ИДН менен жогулушууларды өткөрүү | График боюнча | Тарбия завучу,<br>Соц.педагог | Өндүрүштүк кеңешмеде | График, токтомдор |
| 3 | Мектеп окуучуларынын арасында зордук-зомбулукту болтурбоо, кылмыштуулуктун алдын алуу максатында профилактикалык иштер | Жыл ичинде | Тарбия завучу,<br>Соц.педагог | Өндүрүштүк кеңешмеде | План,токтомдор |
| 4 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш чаралар | Жыл ичинде | Тарбия завуч<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | План, токтом<br>Рейд дептерлери |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Соц.педагог | | Изилдөө актылары |
| 5 | “Мен кыргыз атуулумун”<br>“Кыргыз Республикасынын Конституциясы-негизги мыйзам” дебат сабактары | Май | Класс жетекчилер<br>Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | План |
| 6 | 9-май Жеңиш майрамы<br>Концерттик программасы | Май | Класс жетекчилер<br>Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | План, программа |

3. **Мекенчилдикке тарбиялоо**

| **№** | **Аткарылуучу иштер** | **Мөөнөтү** | **Ким жооптуу** | **Кайда каралат** | **Ресурстар** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Тилим-менин жан дүйнөм” | Сентябрь-ноябрь | Тарбия завучу,<br>кыргыз тил мугалимдери | Өндүрүштүк кеңешмеде | Жумалыктын программасы,планы |
| 2 | “Менин шаарым” акциясы. Шаардын тарыхын, көрүнүктүү адамдарды, Ветерандарды изилдөө | Декабрь | Тарбия завучу,<br>тарых мугалими | Өндүрүштүк кеңешмеде | Сүрөттөр,дил баяндар,<br>Тарыхый фактылар |
| 3 | “Ата журтум-алтын бешигим” дил баяндар конкурсу | Январь | Кыргыз тил мугалимдери,<br>тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | Дил баяндар |
| 4 | Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Афган,Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу өткөрүү | Февраль | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Программа<br>Дубал газеталар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | “Ата Мекенимди сүйөм” сүрөттөр конкурсу | Февраль | Тарбия завучу,<br>класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Сүрөттөр<br>Дубал газеталар |
| 6 | Ата-Мекенди коргоо күнүн өткөрүү | Февраль | Тарбия завучу,<br>класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Концерттик программа<br>Дубал газеталар |
| 7 | Кыргыз мамлекетинин атрибуттары(герб,гимн,кыргыз туусу)күнүн белгилөө | Жыл ичинде | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Атрибуттар<br>Класстык сааттардын планда |
| 8 | 5-март Ак калпак күнү | Март | Тарбия завучу | | План |

**Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо**

| **№** | **Аткарылуучу иштер** | **мөөнөтү** | **Ким жооптуу** | **Кайда каралат** | **Ресурстар** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Айлана-чөйрөнү тазалайбыз” тазалык акциясы | Жыл ичинде | Тарбия завучу,<br>класс жетекчилер | Өндүрүштүк бирикмеде | |
| 2 | “Эколог” кружогун уюштуруу | Сентябрь | Биолог мугалими | Өндүрүштүк кеңешмеде | Кружоктун планы |
| 3 | “Күз майрамы” | Октябрь | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программа<br>Дубал газеталар |
| 4 | Мектептин айланасын | Март- | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк | Жашылдандыруу үчүн көчөттөр |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жашылдандыруу”Мектеп жашыл бакча” акциясы | апрель | | кеңешмеде | |

**5.Көп маданияттуулукка тарбиялоо**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук мелдештерди өткөрүү | Жыл ичинде | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программасы |
| 2 | “Тамашоу” куудулдар конкурсу | Ноябрь | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программасы |
| 3 | Орус тил,чет тил сабактары боюнча декадаларга катышуу | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Декада пландары,тапшырмалар |
| 4 | Жаңы жылдык “Балаты” майрамы | Декабрь | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | “Балаты” майрамынын программасы<br>Дубал газеталар балаты коздоо |
| 4 | “Алло! Биз таланттууларды издейбиз!” окуучулар ичинде акын жазуучулар,манас-дастанчылар конкурсун өткөрүү” | Февраль | Тарбия завучу, класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Программасы |
| 5 | “Мектеп мырзасы”,<br>“Күчтүүлөр”,”Кайраттуулар”,”Шамдагайлар”спорттук мелдештер | Февраль | Дене тарбия мугалими, класс | Директор алдындагы кеңешмеде | Программасы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | жетекчилер | | |
| 6 | Нооруз майрамы | Март | Тарбия завучу<br>Класс<br>жетекчилер | | Программа |

6. **Эстетикалык тарбиялоо**

| **№** | **Аткарылуучу иштер** | **Мөөнөтү** | **Ким жооптуу** | **Кайда каралат** | **Ресурстар** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | "Мектеп формасы","Кечиккендер" рейддери | Дайыма | Тарбия завучу,<br>Парламент мүчөлөрү | Өндүрүштүк кеңешмеде | Дубал газеталар |
| 2 | "Акыл ордо" интеллектуалдык конкурсун өткөрүү | | Предметтик мугалимдер,<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Конкурстун программасы,тапшырмалар |
| 3 | "Тилим менин-жан дүйнөм"тил майрамына арналган 3 айлык | Сентябрь-ноябрь | Кыргыз тил мугалимдери,<br>Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Жумалыктын прграммасы<br>Дубал газеталар |
| 4 | "Гүл майрамы"<br>Класс-кабинеттерди жашылдандыруу<br><br>Кабинеттеги гүлдөр боюнча конкурс | Октябрь | Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Конкурстун программасы,тапшырмалар |
| 5 | Күндөлүктөр,окуу куралдар акциясы | Октябрь | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Күндөлүктөр |
| 6 | 8-март Аялдардын Эл аралык күнүнө арналган концерттик программа | Март | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программа |

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектеби**

**2018-2019-окуу жылына карата өткөрүлгөн тарбиялык иш чарага**

**Талдоо**

Окуу жылынын башталышында бир да бала мектептин сыртында калбоосу үчүн балдардын август учету жүргүзүлдү. Белгиленген тартипте бардык мугалимдер микроучастоктор боюнча ар бир мектеп жашындагы балдарды эсепке алышты. Окуучуларды тизмеге алып, такталды.

Эгемендүүлүк күнүнө карата жогорку класстардын окуучулары класс жетекчилери менен бирдикте майрамды өткөрүүгө даярдык иштерди жүргүзүштү. Негизги жоопкерчилик 11-класстын окуучуларына жүктөлдү. Линейканы көркөмдөп жасалгалоону уюштурушту. Анда Мекен жөнүндө обондуу ырларды аткарышты, музыка мугалими Жумагулов Калыбек музыкалык аспабы менен коштоду.

1-сентябрь күнү мектепте салтанаттуу линейка болуп өттү. Линейканы мектептин тарбия завучу Кенжалиева Мээрим Зоотбековна уюштурду. Линейка абдан көрктүү жабдылган. Түркүн шарлар, желекчелер, стенддер, сүрөттөр илинген. Линейкада мектептин директору куттуктоо сөзүн айтты. Салтанатка ата-энелер жалпы мугалимдер жамааты катышышты. 1-класстын класс жетекчиси Таштанбекова Алтынай окуучулары менен чакан программасын көрсөттү. Окуучулар ырларын так айтышты, обондуу ырларын аткарышты, бий бийлеп чыгышты. Ата-энелер абдан ыраазы болушту. Линейкадан кийин баардык класс жетекчилер биринчи тарбиялык сааттарын өтүштү, «Биз тоо арасында жана өрөндүү тоолордо жашайбыз, "Биздин Ата-Журтубуз – Ала-Тоо» - деген темада 1-8- класстар, «Мекенимдин тагдыры» аталышында 9-11-класстар тарбиялык сааттарын өтүштү.

Мамлекеттик тилдин мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 29 жылдыгына карата тарбиялык иш чаранын планы түзүлдү. 21-сентябрь күнү Мамлекеттик тилдин бир айлыгы салтанаттуу линейка менен ачылды. Ачылыш аземин мектептин кыргыз тили мугалими жана тилчилер усулдук бирикменин жетекчиси Алымкулова Айсалкын Алымбековна уюштурду.

Линейка көрктүү, эстетикалуу жабдылды. Тил майрамына карата куттуктоо сөзү менен мектептин жетекчиси Боркеев Э.Т. линейканын катышуучуларына кайрылды. Кыргыз тилинин гимнин окуучулар ырдашты. Тил жөнүндө көрком окууларды айтышты,

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектеби**

**2018-2019-окуу жылына карата өткөрүлгөн тарбиялык иш чарага**

**Талдоо**

Окуу жылынын башталышында бир да бала мектептин сыртында калбоосу үчүн балдардын август учету жүргүзүлдү. Белгиленген тартипте бардык мугалимдер микроучастоктор боюнча ар бир мектеп жашындагы балдарды эсепке алышты. Окуучуларды тизмеге алып, такталды.

Эгемендүүлүк күнүнө карата жогорку класстардын окуучулары класс жетекчилери менен бирдикте майрамды өткөрүүгө даярдык иштерди жүргүзүштү. Негизги жоопкерчилик 11-класстын окуучуларына жүктөлдү. Линейканы көркөмдөп жасалгалоону уюштурушту. Анда Мекен жөнүндө обондуу ырларды аткарышты, музыка мугалими Жумагулов Калыбек музыкалык аспабы менен коштоду.

1-сентябрь күнү мектепте салтанаттуу линейка болуп өттү. Линейканы мектептин тарбия завучу Кенжалиева Мээрим Зоотбековна уюштурду. Линейка абдан көрктүү жабдылган. Түркүн шарлар, желекчелер, стенддер, сүрөттөр илинген. Линейкада мектептин директору куттуктоо сөзүн айтты. Салтанатка ата-энелер жалпы мугалимдер жамааты катышышты. 1-класстын класс жетекчиси Таштанбекова Алтынай окуучулары менен чакан программасын көрсөттү. Окуучулар ырларын так айтышты, обондуу ырларын аткарышты, бий бийлеп чыгышты. Ата-энелер абдан ыраазы болушту. Линейкадан кийин баардык класс жетекчилер биринчи тарбиялык сааттарын өтүштү, «Биз тоо арасында жана өрөндүү тоолордо жашайбыз, “Биздин Ата-Журтубуз – Ала-Тоо» - деген темада 1-8- класстар, «Мекенимдин тагдыры» аталышында 9-11-класстар тарбиялык сааттарын өтүштү.

Мамлекеттик тилдин мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 29 жылдыгына карата тарбиялык иш чаранын планы түзүлдү. 21-сентябрь күнү Мамлекеттик тилдин бир айлыгы салтанаттуу линейка менен ачылды. Ачылыш аземин мектептин кыргыз тили мугалими жана тилчилер усулдук бирикменин жетекчиси Алымкулова Айсалкын Алымбековна уюштурду.

Линейка көрктүү, эстетикалуу жабдылды. Тил майрамына карата куттуктоо сөзү менен мектептин жетекчиси Боркеев Э.Т. линейканын катышуучуларына кайрылды. Кыргыз тилинин гимнин окуучулар ырдашты. Тил жөнүндө көрком окууларды айтышты,

макал-лакап, табышмак, жаңылмач айтышты. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү окушту. Дубал газета чыгарылып, чечмеленди. Кыргыз бийин бийлешти. «Манас» эпосунан үзүндү айтышты.

1-октябрь – Карылар күнүнө карата «Кадырман карыларым» темасында бардык класстарда тарбиялык сааттар өтүлдү. Мектеп ичинде линейка болуп өттү. Мектеп парламенти тарабынан дубал гезит чыгарылды. «Менин чоң атам», «Менин чоң апам», «Карылар үйү керекпи?»- деген темада дилбаян жазышты.

Октябрь айында мектепте «Мектеп рэкети", "Мектепте зордук-зомбулукту токтотуу мүмкүнбү?»- деген темасында ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Бул чогулушка ата-энелердин 50дөн ашыгы катышышты. Алар мектептеги окуу-тарбия иштери менен таанышышты. Мугалимдер ар бири өз көйгөйлөрү жөнүндө ата-энелер менен талкуу жүргүзүштү. Окуучулардын журум-турушун көзөмөлгө алуусу зарыл экендиги айтылды. Анткени биздин коомдо ар кандай коркунучтуу көрүнүштөр болууда. Газетага чыккан маалыматтар айтылып, талкууланды. Мектептин чарбачылык иштерине жардам берүүлөрү макулдашылды. Мектеп менен келишим түзүлдү.

Майыптар күнүнө карата мектеп ичинде ар бир класста класстык сааттар өткөрүлдү. Майып балдарга аяр мамиле жасоого үйрөткөн сабактар өтүлдү. Жогорку класстар дубал гезит чыгарышып, дилбаян жазышты.

Мугалимдер күнүнө карата «Мугалим- мөмөлүү дарак» -деген темада жалпы мектепте тарбиялык иш чаралар өткөрүлдү. 11-класс жоопкерчилик менен уюштурушту. Ар бир класс эжейлерге арнап ырдашты, ырларын аткарышты. 4-октябрь күнү линейка өттүк. Окуучулар гүлдөрдөн жол жасашып, мугалимдерди бастырышып, кол чабуулар менен коштоп турушту. Мугалимдер толкунданып, ыраазы болушту. «Менин эжейим» - деген темада дилбаян жазышты.

Куз майрамына карата класстарда тарбиялык иштер жүргүзүлдү. Сүрөт тартышты, жалбырактардан канаттуулардын сөлөкөттөрүн жасашты. «Күз берекеси», «Алтын күз» темаларында класстык сааттар өткөрүлдү.

Манас эпосунун күнү мектепте өзгөчө белгиленди. Мектептин алдында салтанаттуу линейка өтүлдү. Линейкада мектептин манасчылары «Манастан» үзүндү айтышып, көркөм окуулар айтылды. Улуу манасчылар жөнүндө кыскача баяндамалар окулду.

Ар жуманын дүйшөмбү күнүндө мектепте линейка өткөрүлүп турат. Анда нөөмөт өтөгөн класстар нөөмөтчүлүгүнүн жыйынтыгын айтышат. Жума ичинде тентек кылган, сабакка себепсиз келбеген, кечиккен, уюлдук телефон көтөргөн, мектеп формасын кийбеген окуучулар, окуу куралдары жок, класстын тазалыгы белгиленип турат. Ага жараша орундар арналат.

Күзгү каникулга тараар алдында мугалимдер класстарга коопсуздук эрежелери жана жолдо жүрүүнүн эрежелери эскертилип, атайын баракчаларга тастыктоо максатында кол тамгаларын койдурушту.

**Декабрь** айында Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата «Кыргыздын өчпөс жылдызы» аттуу жумалык өткөрүлдү. Жумалыкта жазуучунун чыгармаларынан көркөм окуу, үзүндүлөрдү аткаруу конкурсу, Айтматовдук окуу, дубал газеталар, сүрөттөр, рефераттар, дил баяндар конкурстары өткөрүлдү.

22-декабрда мектепте кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Ата-энелерге окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулуктун алдын алуу, жашообуздагы болуп жаткан көйгөйлүү маселелер тууралуу, мисалга алсак (экстримизм агымдары, террорго каршы күрөшүү, коррупцияга жол жок) сыяктуу темалар боюнча талкуу кеңири өткөрүлдү. Андан тышкары ата-энелерге сак болуу, окуучулардын коопсуздугун сактоо ар бирибиздин милдетибиз экендигин айтып өтүштү жана кыска метраждуу фильм көргөзүлүп соц педагог тарабынан доклад окулду.

Жаңы жылга карата 1-11-класстарда "Жаңы жылдык балаты" майрамын өткөрүү уюштурулду. График боюнча 0-8-класстардын окуучуларына 26-декабрда, мектептин өзүн өзү башкаруу уюму тарабынан дайындалган программа менен ыр ырдашты, бийлешти, оюндарды ойнотушту. Ошондой эле ата-энелер тарабынан дайындалган конфеттер таратылды. 27-декабрь 9-11-класстардын окуучуларына "Жаңы жылдык огонек" уюштурулду. Окуучуларга абдан кызыктуу болду. Жаңы жылды тосуу майрамы абдан кызыктуу болду. Мектепке келген ата-энелер да ыраазы болуп кетишти.

Афган жергесинен Советтик жоокерлерди алып чыккандыгынын 30 жылдыгына карата аткарыла турган иштердин планы түзүлдү. Ал план боюнча төмөндөгү иштер аткарылды. Айылда жашаган Афган жоокерлеринин тизмеси такталды. Мектепте Афган жоокери «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Ооганстан жүрөктө»- темасында дубал газеталар чыгарылды. 15-февраль күнү афган жоокери, элибиздин сыймыгы болгон Осмонов Сааданбек Кубанычбекович мектепте уюшулган салтанаттуу линейкага

катышты. Линейка патриоттук дем менен эстетикалуу жабылды. Линейка Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни менен башталды. Жоокерди куттуктоо сөзү менен мектептин жетекчиси Боркеев Э.Т сүйлөдү. Ал сөзүндө Осмонов Сааданбек Кубанычбекович биздин балдар үчүн патриоттуулуктун, жүрүм-турумдун, эмгекчилдик жагынан үлгү болуп жүргөнүн айтты. Мындай эр жигиттер бар болуп турганда элибиз тынчтыкта бейпил жашаары анык экенин билдирди.

21-февраль – Эл аралык эне тил күнүн белгилөө жөнүндөгү планды мектеп ичинде мугалимдер менен бирдикте талкуулап, иштеп чыктык. Бардык мугалимдер бул пландын негизинде иш алып барышты. Мектепте линейка өтүлдү. Анда Эл аралык эне тил күнүн белгилөө жөнүндө маалымат берилди. Эл аралык тил ичинде биздин эне тилибиз болгон – кыргыз тили кадырлоо, байытуу, таза сактап калуу ар бир инсандын парзы экенин балдардын сезимине жеткирүүгө аракет кылынды. Оуучулар тил жөнүндө накыл сөздөрдү, көркөм ырларды айтышты. Кыргыз тилинин гимнин ырдоо менен линейканы жыйынтыктадык. Мектептин өзүн-өзү башкаруу тарабынан «Улуттук аралык ынтымак»- деген темада дубал гезити чыгарылды. Мектептин кыргыз тил мугалимдеринин жетекчилиги менен эне тилге арналган дилбаян, жат жазуу жазышты. Класс жетекчилер «Улут болсом, тилим менен улутмун»- деген темада тарбиялык сааттарды өтүштү. Бардык класстарда кыргыз акындарынын чыгармаларын көркөм окушту. Кыргыз мамлекети көп улуттуу өлкө болгондуктан окуучулар арасында улуттар аралык достукту, биримдикти сактоо ар улуттун өз эне тилин баалоого үндөө максатында жогорку класстын окуучулары жана жалпы мугалимдер арасында диспут өтүштү. Жогорку класстын окуучулары диспутка активдүү катышып, өз ойлорун кеңири баяндай алышты.

5-март "Ак калпак" күнүнө карата план түзүлдү, план боюнча класстык сааттар өткөрүлдү жана парламент мүчөлөрү акция жүргүзүштү.

"8-март бүткүл дүйнөлүк Аялдар күнүнө" карата 6-март күнү мектепте кыздар арасында сынак уюштурулуп мектептеги мугалимдер жамаатына жана окуучуларга жагымдуу маанай тартуулашты.

30-апрель күнү 1-май-Эл аралык эмгекчилер күнүнө карата мектепте линейка болуп өттү. Анда 1-май майрамынын тарыхынан кыскача маалымат берилди. Окуучулар эмгек, достук, ынтымак, биримдик темасында көркөм ырларды айтышты. Ар кандай кесиптин маанисин чечмелешти. Эмгек гана адамды зор ийгиликке жеткирери жөнүндө түшүнүк бердик. Мектеп ичинде эмгекке арналган «Эмгек эрезеге жеткирет»- деген

темада дубал газета чыгарылды. Класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өтүштү. Линейка ураандар, желекчелер менен жабдылды.

3-май күнү 5-май Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө карата мектепте салтанаттуу линейка болуп өттү. Линейкада куттуктоо сөзу менен мектептин тарых мугалими Дыйканбаев Каныбек Жекшенович кайрылды. Ал өзүнүн сөзүндө Конституция күнү менен жалпы окуучуларды куттуктады. Линейкада Кыргыз Республикасынын символикаларынын мааниси жөнүндө айтылды. Конституциянын мааниси, анын ыйыктыгы, анын алдында бардыгыбыз бирдей экендигин, ага баш ийерибиз жөнүндө баяндадык. Ошондой эле Конституция ар бир жарандын укугун дагы коргой турганын түшүндүрдүк. Ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүштү.

Мектеп ичинде Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына арналган иш чаранын планын түзүп, төмөндөгү иш чаралары өткөрдүк.

Ар бир класс жетекчи окуучуларга патриоттук тарбия берүү максатында «Эрдик эч качан унутулбайт!», «Аталардын эрдиги», «Мекеним алтын бешигим», «Мекенден айрылганча жанындан айрыл», «Болбосун согуш!», «Улуу Жеңиш» -деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына арналган көркөм окуу кароосу, сүрөт, көркөм өнөр сынактары өткөрүлдү.

Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына карата арналган салтанаттуу линейка 8-май күнү болду. Линейкада бардык класстар ырларын көркөм окушуп, обондуу ырларды аткарышты, согуш жылдарында башынан өткөргөн кыйын мезгилди чагылдырган чыгармалардан үзүндүлөрдү аткарып беришти.

2018-2019-окуу жылынын аякташына карата «Акыркы коңгуроо -2019» аземи саат 9:00до КРнын туусу алынып келинип, гимн аткаруудан башталды. Линейканы мектептин тарбия завучу Кенжалиева Мээрим Зоотбековна алып барды. Куттуктоо сөзүн мектеп жетекчиси Боркеев Эркинбек Токтсунович айтып, 2018-2019- окуу жылында сабактардан өзгөчөлөнүп, эң жакшы жетишкендиктерди көрсөтө алган, үлгүлүү жүрүм-туруму менен өзгөчөлөнгон жана мектептин коомдук иштерине активдүү катышкан окуучуларга грамоталарды тапшырды.

Мектепте балдар күнүнө арналган иш чара өткөрүлдү. Иш чараны мектептин тарбия завучу Кенжалиева М.З жетектеди. «Балдар дайыма күлүшсүн», «Бактылуу балалык» деген темада дубал гезит, плакаттар жазылды. Балдар арасында «Биз бактылуу

балдарбыз» деген темада конкурстар өткөрүлдү. Конкурстун жыйынтыктары чыгарылды, жеңүүчүлөргө белектер берилди.

1-июнь күнү окуучуларга атайын линейка өткөрүлүп, Сын-Таш айыл өкмөтү тарабынан балмуздактар, суусундуктар жана оюнчуктар таркатылды. Майрамга келген балдарга ар түстөгү борлор таркатылып, балдар арасында сүрөт конкурсу уюштурулду. Ар кандай оюн –зооктор ойнотулду.

«Балдар биздин планетанын келечеги» аттуу жыл сайын өткөрүлүүчү балдарга арналган салтанаттуу азем жакшы өттү. Балдар өздөрүнүн бүгүнкү өткөрүлгөн майрамга ыраазы болуп үйлөрүнө кайтышты.

Мектепте 2019-жылы 21-июнда бүтүрүүчү класстарга негизги билими тууралуу күбөлүктү тапшыруу аземи болуп өттү. Салтанаттуу кече саат 10:00до башталды. Мектептин алды салтанаттуу майрамдык маанайда ар кандай желекчелер, шарлар, ураандар, плакаттар менен жабдылды. Кече мамлекеттик гимн менен башталды. Бүтүрүүчүлөр кызыл «Бүтүрүүчү- 2019» - деген лента тагынышып, форма кийип чыгышты. Балдардын коопсуздугу үчүн ИДН кызматкери, ата-энелер, жалпы мугалимдер жамааты катышты. Мектеп жетекчиси Боркеев Э.Т куттуктоо сөзүн айтып, күбөлүктөрдү жана мактоо баракчаларды тапшырды. Бүтүрүүчүлөр мугалимдерге каалоо-тилектерин, ырларын айтышты. Чакан концерттик программа тартуулашты. Ата-энелер ыраазычылыктарын билдиришип, бүтүрүүчүлөргө ак жол каалашты. Күбөлүк тапшыруу аземи тынч өттү.

Мектеп жетекчиси: ____________________ Боркеев Э.Т

Тарбия завуч:____________________ Кенжалиева М.З